**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 4-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов — Ош шаары, 20.02.2023-ж.

Катчысы- А. Адылбек кызы

Катышкандар:

1. Ажимаматов З.- Декан
2. Хилми Караагач- Декандын орун басары
3. Жусубалиев А.- Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
4. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
5. Арипов Н.- Доцент
6. Калбердиев А.- Доцент
7. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
9. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
10. Адылбек к. А. - Ассистент, аялдар кеңешинин төрайымы
11. Аль Зарзур Али Йосиф- окутуучу-волонтер
12. К. Казыбекова – методист

Себептүү :

1. Кадыров М.- Доцент
2. Жумабаев М.- Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
3. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары

**Күн тартиби:**

1. Кышкы сессиянын жыйынтыгына анализ.
2. Аккредитацияга даярдыктын абалы.
3. Март айында өткөрүлүүчү спорттук иш чара, апрель айында өткөрүлүүчү куран, хадис жарыштары жана май айында өткөрүлүүчү спорттук жана студенттик конференцияга даярдык.
4. Профориентация уюштуруу.
5. Ар түрдүү маселелер.

Scanned with CamScanner

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы *З. Ажимаматов* күн тартибиндеги биринчи маселеден мурун университетте каралган маселелерге кайрылып кетти. 18-марттан 22-мартка чейин эс алуу күндөрү экендигин билдирди. Ошондой эле факультетибиз катышуу маселеси боюнча 3- орунда турарын айтып, мындан да алдыңкы орундарга чыгуу мүмкүн экендигине токтолду. Студенттердин арыз жазуу маселесине токтолуп, жөнү жок арыз жазып келбөө керек экендигин айтып кетти. Жүйөөлү себептери болсо гана арыз жазуу мүмкүн экендигин студенттерге жеткирүү керектигин эскертти.

**Биринчи маселе боюнча** Т. Козукулов төмөндөгүлөргө токтолду:

Кышкы сессиянын жыйынтыгына анализ бере турган болсок, фармалдык түрдө студенттердин жетишүүсү жакшы. Обсалюттук көрсөткүч орто эсеп менен 91.89% ды түзсө, ал эми сапаттык көрсөткүч 70.89% ды түздү. Бул факультетибиз аябай жакшы көрүнүш. Бирок, кээ бир предметтердин көрсөткүчтөрү бир бирине дал келбей жатат. Тийиштүү окутуучулар экзаменге жана баалоо эрежелерине көңүл буруп койсо сапаттык көрсөткүчүбүздө реалдуулук болот деп ойлоймун. Мисалы: диндер тарыхы сабагынан сапаттык көрсөткүчү 68% ды көрсөтсө, куран предметинен 100% ды көрсөткөнү реалдуулктан узак болгонун айгинелеп жатат. Ошол себептен баалоо саясатын бирдиктүү жүргүзүү керек экендигине токтолду.

*Калбердиев А.*: Бирдиктүү баалоо саясатын колдонуу кыйын болуп калат. Жакын предметтердин окутуучулары биргеликте баалоо саясатын жүргүзсө болот деп ойлойм.

*Жусубалиев А.*: Мен алдын ала студенттерге кошумча балл берүү максатында жекече тапшырмаларды беремин. Ошонун негизинде студенттердин баллдары жогорулап кетиши мүмкүн.

Методист *Казыбекова К.* Сөзгө чыкты: Тб-1(22) группасынан жана Тб-1 (19) группасынан да эч ким сессиядан калбады. Биринчи курстун 2-группасынан Коңурбаев. Шерикбай калды. Экинчи курстардан Абибилла кызы Куран жана диндер тарыхы предметинен жана Акылбек кызы Аксана диндердер тарыхынан калышты. Ошондой эле студенттер арасында жооп суроо, экзаменди онлайн тапшыруу боюнча арыздар көбөйүүдө. Мунун алдын алуу максатында жүйөөлүү себептери болсо, арыздын негизинде экзамендер алынса жакшы болот.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *Ш. Масиралиев* сөз сүйлөдү:

Scanned with CamScanner

Урматтуу агайлар дин тaануу жана гуманитардык предметтер кафедрасы биз да Сапат департаментине онлайн форматта документтерди жөнөттүк. Сапат департаменти кайрадан мурунку жума күнү жооп ирээтинде ар бир критерийлерге свот анализ жазып берүүбүздү айтышты. 4- критерий боюнча свот анализ жасап берүүңүздөрдү жалпыңыздардан суранам жана акркедитация маселелери боюнча сунушуңуздарды күтөм.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе боюнча *З. Ажимаматов* жакынкы 3 айда иш чараларыбыз менен тааныштырып кетейин. Март айында Нооруз майрамына карата жарманке жана улуттук спорт жарыштарын өткөрөбүз. Бул боюнча спорт иш чарасынын төрагасы, орун басары жана мүчөлөрү алектенет. Апрель айында Куран, хадис жарыштары өткөрүлөт. Бул иш чарага теология факультетинин мурунку бүтүрүүчүсү 60 миң сом көлөмүндө спонсор болуп жатат. Анын 30 миң сомун бакалавр студенттери үчүн калган 30 миң сомун колледж студенттери үчүн колдонобуз. Ошондой эле май айында «Жаштар жана Дин» деген теманын алкагында конференция пландалып жатат. 15-май күнү факультеттер арасы спорттук оюндар болоорун кабарлап, жатакана маселелерин карап коюу керектигине токтолду. Ар бир ишчарага белгилүү окутуучуларды дайындап, жарыяларды асууларын буйруду.

**IV маселе**

**Угулду:** 3-маселе боюнча З. *Ажимаматов* профориентация маселеси боюнча кураторлор студенттер менен сүйлөшүп, ар бир студентке окуган мектептерине 10 дон 20 дан жарыя баракчаларын берүүлөрүнө токтолду. Факультетибиз үчүн да өңой жана чыгымсыз болот деп ойлойм. Ошондой эле ДӨТ мугалимдерине факультетибизди таанытуу максатында 11-класстарды алып келүүлөрүн сураналы.

*Зууридинов Ө.*: Биз факультетке аьитуриент тартууда факультеттин атын таанытпастан окутуучуларды таанытуубуз керек деген сунушун айтып кетти. Арипов Нияз агай да Өскөн агайдын сунушуна кошулуп, медиа тармагына окутуучулардын көп иштеши керектигин баса белгиледи.

*Козукулов Т.:* Эң жакшы реклама бул биздин студенттер, студенттерге жакшы билим беришибиз керек, студенттер бизге тирүү реклама болуп беришет. Ошол эле учурда социологдор менен биргеликте иш алып барышыбыз керек деген оюн кошуп кетти.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин

**Кеңеши токтом кылат:**

Scanned with CamScanner

1. Студент жүйөөлү себеп менен арыз алып келсе, справка менен экзамен тапшырсын.
2. Жакын предметтин окутуучулары биригип, баалоо саясаты каралып чыгылсын.
3. Аккредитация боюнча 4-критерийге свот анализдер жазылсын.
4. Март, апрель жана май айларында өткөрүлүүчү иш чаралардын жарыялары асылсын.
5. Профориентация иштерин жакшыртуу боюнча иш чаралар иштелип чыгылсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А. Адылбек кызы**

Scanned with CamScanner

**Теология факультетинин Окумуштуулар кеңешмесине катышуучулардын**

**Т И З М Е С И**

**06. 03. 2023-ж.**

| | Фамилиясы, аты | Ээлеген кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ажимаматов З. | Декан | | |
| 2 | Хилми Караагач | Декандын ~~жардамчысы~~ орун басары | | |
| 3 | Масиралиев Ш. | Кафедра~~нын башчысы~~ | | |
| 4 | Козукулов Тимур | Доцент | | |
| 5 | Жусубалиев А. | Доцент, профком | | |
| 6 | Жумабаев М. | Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары | | |
| 7 | Абдуганиев А. | Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары | | |
| 8 | Зууридинов Ө. | Окутуучу, практика боюнча жетекчи | | |
| 9 | Тажибаев С. | окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы | | |
| 10 | Арипов Н. | Доцент | | |
| 11 | Калбердиев А. | Доцент | | |
| 12 | Кадыров М. | ~~Ага окутуучу~~ доцент | | |
| 13 | Адылбек к. Айсулуу | ~~Ассистент~~ - окутуучу | | |
| 14 | Йосиф Али Зарзур | Окутуучу-волонтер | | |

**Факультеттин деканы** **Ажимаматов З.**

Scanned with CamScanner